**«Азыркы билим берүүдө тил, ыйман маселелеринин актуалдуулугу”**
**деп аталган илимий-практикалык конференциянын жүрүшү**

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы Мамлекеттик тил жана маданият институтунун Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы КР Президентинин алдындагы Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия менен биргеликте 2017-жылдын 16-мартында аталган иш-чараны өткөрдү. Конференцияга президенттик аппараттын, өкмөттүн мүчөлөрү, Улуттук комиссиянын төрагасы Ишекеев Назаркул Ишекеевич, жетектөөчү адис Аида Ишеналиева, комиссиянын кызматкерлери, КР Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тил боюнча жооптуу адиси Ибраимова Гүлнара Үмөтбековна, “Ыйман” фондунун төрагасы Нуржигит Кадырбеков, КР Билим берүү академиясынын вице-президенти, филология илимдеринин доктору, профессор Советбек Байгазиев, акын-жазуучулар, жогорку окуу жайлардын, орто билим берүү мекемелеринин, бала бакчалардын кызматкерлери, аспиранттар, магистранттар, студенттер, окутуучулук-профессордук курамдын ишмерлери катышты.

Конференция салтка айлангандай «Манас» айтуу менен башталып, катышуучулар жаш манасчы Арген Биймырза уулунун аткаруусунда “Манастын бала чагы” окуясын тындашты.



Андан сон төкмөчүлүк өнөрдүн өкүлү жаштыгына карабастан, Калыгул, Арстанбек баштаган залкарлардын кебинен кошуп, тил, ыйман жаатында эски менен жанынын ырларын бабына келтире ырдап, отургандарды кубанычка бөлөдү. Комуздун коштоосундагы ыр аталган иш-чаранын мазмунуна шайкеш келди.




Конференцияны МТМИнин директору, филология илимдеринин кандидаты, проф. м.а. Дюшембиева Айгуль Осмоновна ачып, алгачкы кепти Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиянын төрагасы Ишекеев Назаркул Ишекеевичке берди.








Назаркул Ишекеевич тилди колдоонун азыркы кездеги маселелери, эне тилдин мааниси, чыгармачылыкта тил маселесинин чагылдырылышы, педагогикадагы абалы жөнүндө мазмундуу баяндама жасады. Ал эми Советбек Орозканович азыркы заманда тыштан келген маалыматтардан жаштарды калкалап калуу реалдуу эмес чындыкка айланганын, бул жаатгагы музыка, кино деген нерселердин ролун, ага карата жаштардын мамилесин, анын чечиш жолдорун сунуштады. “Ыйман” фондусунун жетекчиси Нуржигит Кадырбеков болсо жаштар менен тыгыз карым-катыш кылып, иштешип келаткандыгынан улам, аларды тарбиялоодо диндин орду жогору экендигин баамдаганын айтты. Гулнара Умотбековна министрликтин бул багытта кандай аракет жасап атканын кеп кылды. МТМИнин профессору, ф.и.д. Аида Эгембердиева тил, ыйман, адеп-ахлак маселелеринин

акындар чыгармачылыгында чагылдырылышы жөнүндө кенири баяндама жасады. Баарын тындап отурган бийлик кызматкерлери бул жаатта эмне иш кылсак деген ойлорун ортого салып, жыйынтыгында биргелкте резолюция кабыл алынды.





Учурдан пайдаланып "Адеп"сабагынын мугалимдери министрликтин кишисине бул предметтин саатын жогорулатуу, ага маани бериш зарылдыгын айтып калышты.



Педагогика илимдеринин доктору, профессор Абдыкерим Муратов этнопедагогика тил, ыйман маселесине кандай маани берээрин чечмеледи.




Ректор Абдырахманов Төлөбек Абыловичтин жыйынтыктоочу кеби аталган илимий конференциянын максатына жеткендигинин далили болду.




ык конференцияга
здер!


КМУ


тил, ыйман,
актуалдуулугу»
практикалык конференцияга
келиңиздер!
КМУ




МТМИде болгон иш-чаралардын бардыгы ириде студенттерге, магистранттарга багытталат. Бул конференцияда дагы магистранттар тил, ыйман жөнүндө ойлорун ортого салышты. Чыгарма жазгандар окуп беришти. Конференциянын жыйынтыгын чыгарган макаллаар университеттин “Жарчысында” жарыяланды.